БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин кеңейтилген жамаатык чогулушу

2024-ж. 05.09. №67-1 - протоколу

**БЕКИТИЛДИ**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору
__________Б.И. Исмаилов

2024-ж. 05.09. №2/0101 - буйругу

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТТӨӨ БОЮНЧА АГЕНТТИКТИН (ААОПО) АЛЫНДАГЫ АККРЕДИТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ТУУРАЛУУ ЖОБО

## 1. ЖАЛПЫ ЭРЕЖЕЛЕР

1.1. Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредиттөө боюнча агенттиктин алдындагы Аккредитациялык кеңеш (мындан ары – Кеңеш) 2024-жылдын 15-майындагы №246 Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомуна ылайык билим берүү тармагындагы аккредитациянын талаптары жана критерийлерине ылайык программаларды же уюмдарды аккредиттөө чечимдерин кабыл алуу максатында түзүлөт.
1.2. Кеңеш аккредитация маселелерин чечүүчү жогорку орган болуп саналат.
1.3. Кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, башка ченемдик укуктук актыларын, эл аралык нормаларды жана ААОПО документтерин жетекчиликке алат.
1.4. Кеңештин иши билим берүү тармагындагы кесиптик бирликтер, экономика сектору, жарандык коом жана башка кызыкдар тараптар менен социалдык өнөктөштүк принциптерине негизделет.
1.5. Кеңештин негизги иш принциптери: ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, калыс болуу, кесипкөйлүк жана купуялуулукту сактоо.

## 2. КЕҢЕШТИН МАСЕЛЕЛЕРИ

### 2.1 Негизги маселелери төмөнкүлөр:

- билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү объективдүү жана ачык-айкын аккредитациялык чечимдерди кабыл алуу аркылуу улуттук жана эл аралык деңгээлдерде Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүүсүнүн сапатын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

- билим берүү программаларынын жана уюмдарынын ишинин мамлекеттик жана эл аралык стандарттарга ылайык сапатын баалоо;
- билим берүү уюмдарынын апелляцияларын карап чыгуу жана чечим кабыл алуу;
- аккредитация процесси көз карандысыз жана калыс өтүшүн камсыз кылуу;
- аккредитациядан кийинки мониторингдин жыйынтыктары боюнча чечимдерди кабыл алуу.

2.2. Кеңеш Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча чечимдерди кабыл алат, атап айтканда:

1) институционалдык аккредитациялоо-билим берүү уюмунун сапат деңгээлинин белгилүү бир критерийлерге, стандарттарга жана анын статусуна ылайыктуулугун таануу;
2) программалык аккредитациялоо – билим берүү уюмунун айрым программаларынын белгилүү бир критерийлерге жана стандарттарга ылайыктуулугун ырастоо.

## 3. КЕҢЕШТИН ФУНКЦИЯЛАРЫ

Кеңештин негизги функциялары:

- ушул Жобонун милдеттерин ишке ашыруу;
- тышкы баалоонун натыйжалары боюнча корутунду отчеттордун жана эксперттик комиссиялардын төрагаларынын баяндамаларынын негизинде чечимдерди кабыл алуу;
- аккредитациядан кийинки мониторингдин натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуу;
- билим берүү уюмдарынын апелляцияларын жана даттанууларын кароо жана алар боюнча чечим кабыл алуу.

## 4. УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

### 4.1 Кеңеш төмөнкү укуктарга ээ:

- Апелляциялык иштерди кароо үчүн белгиленген тартипте көз карандысыз эксперттерди тартууга;
- аккредитациялоо боюнча иш жүргүзгөн эл аралык уюмдардын ишине катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка укуктарды ишке ашырууга.

### 4.2 Кеңештин милдеттери:

- аккредитациялоо жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, башка ченемдик-укуктук актыларында, эл аралык

ченемдерде жана тажрыйбада, ААОПО документтеринде белгиленген тартипте кабыл алууга;
- аккредитациялоо жөнүндө чечимдерди кабыл алуу процессинин объективдүүлүгүн, ишенимдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылууга;
- - аккредитациялоо жөнүндө чечимдерге апелляцияларды кароо боюнча ишке компетенттүү көз карандысыз эксперттерди тартууга.

## 5. ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУ

5.1. Кеңештин курамы мамлекеттик сектордон, бизнес-коомчулуктардан, жарандык коомдон жана профсоюздардан кызматкерлерди көрсөтүү жолу менен Агенттиктин суроо-талабы боюнча 3 жылдык мөөнөткө түзүлөт. Кеңештин мүчөлөрүнүн курамы жыл сайын үчтөн бирине жаңыланып турушу мүмкүн. Кеңештин жыйындарын үч жолу өткөрбөө кеңештин курамынан чыгаруу үчүн негиз болушу мүмкүн. Кеңештин мүчөлөрүнүн санын агенттик аныктайт.

5.2. Кеңештин чечимдери жыйынга катышкан Кеңештин мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат (онлайн-катышууга жол берилет). Добуштар тең болгондо, жөнөкөй көпчүлүк добушка жеткенге чейин кайталап добуш берүү жүргүзүлөт. Жыйналыштар Кеңештин мүчөлөрүнүн жеке катышуусу менен гана өткөрүлөт. Кворум-Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын ½  кем эмес добуш берүү.

5.3. Кеңештин жыйындарын аккредитациялык кеңештин төрагасы алып барат. Ал жок болгон учурда аккредитациялык кеңештин төрагасынын орун басары алып барат. ББПУАА  директору жыйналыштын чогуу алып баруучусу болуп саналат, бирок добуш берүүгө катышпайт.

## 6. АККРЕДИТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТИН МҮЧӨЛӨРҮН ТАНДОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

6.1. Кеңештин курамына киргизүү үчүн мүчөлөрдү тандоонун негизги критерийлери:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгы;
- жогорку кесиптик билим;
- билим берүү тармагында 10 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы (билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү үчүн);
-кесиптик уюмдарда 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы (бизнес-коомчулуктун жана жарандык коомдун өкүлдөрү үчүн).
- окумуштуулук даражасынын жана наамынын болушу кубатталат.

## 7. ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ, ЖОЮУ ЖАНА КАЙРА УЮШТУРУУ

7.1.Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Агенттик тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

7.2 Кеңешти жоюу же кайра уюштуруу агенттиктин чечиминин негизинде жүргүзүлөт.